DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



*Меңдибаев Н, Жусубалиев А.Р*

# АЙЫЛ СОЦИОМАДАНИЙ РЕАЛДУУЛУК КАТАРЫ

*Меңдибаев Н, Жусубалиев А.Р*

# СЕЛО КАК СОЦИОКУЛЬТУРНАЯ РЕАЛЬНОСТЬ

*N. Mendibaev, A. Zhusubaliev*

# THE VILLAGE AS A SOCIO-CULTURAL REALITY

*УДК: 316.42*

*Бул макалада айыл социомаданий реалдуулук катары талдоого алынып, ошондой эле айыл социалдык жалпылык катары айыл социологиясын системалуу изилдөөнүн баштапкы пункту болуп санала тургандыгына да көңүл бурулат. Айылдардын ийгиликтүү өнүгүүсү бул бүткүл Кыргызстандын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн ачкычы болуп саналат. Кыргызстандын айыл калкынын отурукташуу формалары да бир топ өзгөрүүгө учурап, айыл калкы бара-бара шаардын айланасындагы перспективдүү конуштарга топтолуп жатышат. Урбанизация айылдын социалдык мүнөзүнүн келечегин барган сайын алдын ала аныктап бара жаткандыгын көрсөтөт. Бул макалада ошондой эле айыл аймактарынын социомаданий динамикасынын айрым тенденциялары белгиленип, айыл аймактарынын потенциалын жогорулатуудагы негизги тоскоолдуктарды аныктоо зарылчылыгы көрсөтүлүп, бүгүнкү күндө айылдын актуалдуу көйгөйлөрү болгон эмгек рыногунун рационалдуу эмес уюштурулушу, калктын жашоо деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, миграциянын агымы, айылдардын калктуу конуштарынан квалификациялуу кадрлардын кетип жатышы жана башка көрүнүштөр талдоого алынат.*

***Негизги сөздөр:*** *айыл, айылдык аймак, аймактардын өнүгүүсү, аймактык көйгөйлөр, калктын жашоо деңгээли, калктын жашоо сапаты, социалдык абалы, социалдык статусу.*

*В этой статье рассматриваются село как социокультурная реальность. Современное село отражает те перемены, которые произошли в постсоветский и переходный периоды. Оно значительно видоизменилось как в экономическом, так и в социальном аспектах. Для понимания села как новой социокультурной реальности следует обратиться к данным статистики и собственным исследованиям автора. В данном контексте предполагается рассмотрение села как некой социально-территориальной подсистемы общества, обладающей соответствующими признаками сельской местности. Сельское население постепенно концентрируется в перспективных городских поселениях. Урбанизация все больше предопределяет будущее социального облика деревни. Анализ социального развития поселения, а также перспектив его развития в условиях индустриализации, урбанизации, и интеграции показывает, что это развитие требуется планировать комплексно - в увязке технической, экономической, духовной и собственно социальной сфер общественной жизни, которые взаимодействуют друг с другом. В этой статье а также исследованы основные тенденции и проблемы социокультурного развития сельских территорий республики в нескольких измерениях – экономическом, социальном, образовательном и культурном.*

***Ключевые слова:*** *село, сельское население, сельский регион, развитие региона, сельское сообщество, сельские проблемы, занятости сельского населения, социальный статус.*

*This article examines the village as a socio-cultural reality. The modern village reflects the changes that have taken place in the post-Soviet and transition periods. It has changed significantly both in economic and social aspects. To understand the village as a new socio-cultural reality, one should turn to statistics and the author's own research. In this context, it is supposed to consider the village as a certain socio-territorial subsystem of society, which has the corresponding features of the countryside. The rural population is gradually concentrated in promising urban settlements. Urbanization increasingly predetermines the future of the social character of the countryside. An analysis of the social development of the settlement, as well as the prospects for its development in the context of industrialization, urbanization and integration, shows that this development needs to be planned comprehensively - in conjunction with the technical, economic, spiritual and social spheres of social life proper, which interact with each other. This article also explores the main trends and problems of the socio-cultural development of rural areas of the republic in several dimensions - economic, social, educational and cultural.*

***Key words:*** *village, rural population, rural region, development of the region, rural community, rural problems, employment of the rural population, social status.*

Азыркы айыл постсоветтик жана өткөөл мезгилде болуп өткөн өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Ал экономикалык жактан да, социалдык жактан да бүгүнкү күндө олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп келет. Экономикалык өлчөмдө Кыргызстандын айыл аймактарынын постсоветтик мезгилдеги өнүгүүсү төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Аймактын дүң продуктусунун түзүмүндө эң чоң үлүштү айыл чарба өндүрүшү, металлургия өндүрүшү, тамак-аш азыктарын жана башка минералдык продуктыларды өндүрүү ээлейт. Айыл чарба өндүрүшүн сарамжалдуу уюштуруу менен айыл аймактарынын келечеги инновациялык технологияларды активдүү колдонуу аркылуу өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүдө деп айтууга болот. **Ички дүң продукт** алдына-ала баалоо боюнча, 2021-жылдын январь-декабрында, өткөн жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 3,6% жогорулоо менен 723 млрд. сомду түздү. «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, ИДПнын көлөмү 668 млрд. жакын сом өлчөмүндө түзүлдү жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 3,9% жогорулаган. 2021-жылдын январь-декабрында ИДПнын түзүмүндөгү эң чоң үлүш (45,2%) кызмат көрсөтүүчү тармактарга туура келди, ал өткөн жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 1,1% пунктка азайды, ал эми товарларды өндүрүүчү тармактардын үлүшү 1,5% пунктка кыскарды жана 41,4% түздү. ИДПнын түзүмүндөгү өнөр жай тармагынын үлүшү 18,4% түздү, бул өткөн жылдын ушул мезгилине

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



салыштырмалуу 0,9% пунктка төмөн, курулуштун үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 8,3% жана 1,7% пунктка төмөн болду, ал эми ушул эле учурда айыл чарбасынын үлүшү, тескерисинче, 14,7% түзүү менен 1,1% пунктка көбөйдү [1].

Аймактардын ийгиликтүү өнүгүүсү – бүткүл Кыргызстандын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн ачкычы. Өлкөнүн шаарлары жана калктуу конуштары туруктуу, коопсуз жана өлкөнүн жарандарынын жашоосу үчүн ыңгайлуу болушу зарыл. Аймактарды өнүктүрүүнүн максаты - аймактардын жана борбордун экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлиндеги дифференциацияны азайтуу, алардын финансылык абалын чыңдоо, ал жерде жашаган калкты турукташтыруу. Аймактар өлкөнүн экономикалык мейкиндигине органикалык түрдө интеграцияланууга, зарыл болгон адамдык, инфраструктуралык, экономикалык ресурстар менен камсыз кылууга, туруктуу иштеп жаткан социалдык инфраструктурага жана калктын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрү бирдей жеткиликтүүлүгүнө ээ болууга мүмкүндүк берүүчү өндүрүштүн жана керектөөнүн рационалдуу моделдерин калыптандырууга муктаж [2 ].

Айыл аймактарынын социалдык чөйрөсүндө акыркы жылдарда төрөлүүнүн жай өсүүсү, өлүмдүн бир аз төмөндөшү, жашоонун узактыгынын басаңдашы байкалууда. Ошол эле учурда миграциялык агым көбөйүп жана кайрадан турукташууда, урбанизация жана шаар калкынын өсүшү анын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Билим берүү системасы туура иштеши үчүн окуучулардын саны көбөйгөн сайын мектептердин, мугалимдердин саны да көбөйүшү керек. Соңку жылдардын ичинде Кыргызстанда окуучулардын саны 25,6% өстү. Республикада мектеп окуучуларынын кескин өсүшү 1994-жылдан 2002-жылга чейин байкалган. 2014-жылы кезектеги бир секирик болду. Учурда мектептерде 1,3 миллионго жакын окуучу билим алат. 1990-жылдан 2018-жылга чейин республикадагы мектептердин саны 22,3% көбөйдү - 1990-жылдагы 1759 жалпы билим берүү мекемеси болсо, 2018-жылы мектептердин саны 2265ке жеткен. Демек, Кыргызстанда жыл сайын орто эсеп менен 18 жаңы мектеп ачылып барат. Кыргызстанда мугалимдердин санынын өсүшү окуучулардын жана билим берүү мекемелеринин санынын өсүшүнөн бир топ артта калууда. Соңку жылдарда мугалимдердин саны 11,3% өстү. Бул көрсөткүч республиканын билим берүү системасында мугалимдердин жетишсиздигинен даана кабар берет [3].

Кыргызстандын айыл калкынын отурукташуу формалары да бир топ өзгөрдү. Айыл калкы бара-бара шаардын айланасындагы перспективдүү конуштарга топтолуп жатышат. Урбанизация айылдын социалдык мүнөзүнүн келечегин барган сайын алдын ала аныктап бара жатат. Калктын социалдык өнүгүшүнө, ошондой эле индустриялаштыруу, урбанизациялоо, интеграциялоо шартында анын өнүгүү перспективаларына талдоо жүргүзүү бул өнүгүүнү комплекстүү түрдө – коомдук турмуштун бири-бири менен аракетте болуучу техникалык, экономикалык, руханий жана социалдык тармактарын айкалыштырып пландаштыруу зарылдыгын көрсөтөт.

Айыл жеринде инновациялардын индекси илимий чөйрөдө иштеген калктын үлүшү менен аныкталуучу республикалык орточо көрсөткүчтөн төмөн экендигин статистикалык маалыматтар көрсөтүп турат. Ошол эле учурда айыл жергесинде инновациялык жараяндардын өнүгүшүнө бир катар факторлор тоскоол болот. Бул факторлорго биринчи кезекте инновациялык инфраструктуранын жетишээрлик өнүкпөгөндүгү, инновациялык жараяндарды башкаруунун эффективдүүлүгүнүн төмөндүгү, айыл чарба ишканаларынын жаңылыктарды кабыл алуусунун солгундугу кирет. Ушуга байланыштуу айыл аймактарын өнүктүрүү стратегиясын «кууп жетүүчү» деп мүнөздөөгө болот.

Республиканын айыл аймактарынын социомаданий динамикасынын айрым тенденцияларын белгилеп, айыл аймактарынын потенциалын жогорулатуудагы негизги тоскоолдуктарды аныктоо зарыл. Ал эми бул жерде айыл аймактарынын негизги социалдык көйгөйлөрүнө калктын берген баасына кайрылуу маанилүү. Изилдөөлөргө ылайык, бүгүнкү күндө айылдын актуалдуу көйгөйлөрү: эмгек рыногунун рационалдуу эмес уюштурулушу; калктын жашоо деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, миграциянын агымы, айылдардын калктуу конуштарынан квалификациялуу кадрлардын кетип жатышы жана башка көрүнүштөр.

Биздин изилдөөбүздүн эмпирикалык негизин мамлекеттик статистиканын маалыматтары жана республиканын аймагында жүргүзүлгөн «Айылдын социомаданий портрети» социологиялык мониторингинин жыйынтыктары түздү. Биз республиканын айыл аймактарынын социомаданий өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын жана көйгөйлөрүн бир нече тараптан – экономикалык, социалдык, билим берүү, маданий жактан изилдеп чыгууга аракет жасадык. Бул аспектилер социалдык реалдуулукту изилдөөнүн социеталдык ыкмасын колдонуу менен айыл аймак-тарынын трансформациясын коомдук бүтүндүк катары баалоого мүмкүндүк берет. Бул көз караште каралып жаткан трансформациялык жараяндарды көбүрөөк конструктивдүү же көбүрөөк деструктивдүү деп баалоого болот, бул өз кезегинде бул жараяндарды социеталдык системанын («социалдуулук-маданият-индивиддер», «индивиддер-чакан топтор, жамааттар-уюмдар, социалдык институттар, социум система катары») жана башка бардык деңгээлдеринде башкарууга оңдоолорду киргизүү зарылчылыгын жаратат.

«Айылдын социомаданий портрети» аттуу изил-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



дөөбүздүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, айыл калкынын баалоосу боюнча жашоону жакшыртуу үчүн зарыл болгон негизги чаралар болуп төмөнкүлөр эсептелет: «жаңы жумуш орундарын түзүү» (сурамжылоого катышкандардын 43,6%), «чакан жана орто бизнести өнүктүрүү» (40,4%), «билим берүүнү жакшыртуу» (37,5%), «тартипти калыбына келтирүү, коррупция менен күрөшүү» (26,8%), «медициналык тейлөөнүн сапатын жогорулатуу» (28,8%), «жаңы жолдорду салуу» (21,7%), «экономикага мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү» (33,7%), «жаратылышты жакшыртуу» (16,4%) (1-таблица).

*Таблица 1*

**Айылдагы калктын жашоосун жеңилдетүү үчүн сурамжылангандардын мамилеси % менен**

| № | Жооптордун варианттары | Сурамжыланган дардын көрсөткүчү % менен |
|---|---|---|
| 1. | Жаратылышты жакшыртуу керек | 16,4% |
| 2. | Чакан жана орто бизнести өнүктүрүү керек | 40,4% |
| 3. | Мамлекет экономиканы көзөмөлдөөнү күчөтүүсү зарыл | 33,7% |
| 4. | Медициналык тейлөөнү жакшыртуу керек | 28,8% |
| 5. | Райондун, айылдын кызыкчылыгын коргоо үчүн чечкиндүү күрөшүү | 25,8% |
| 6. | Тартипти оңдоо, криминал, коррупция менен күрөшүү | 26,8% |
| 7. | Жаны жумуш орундарын түзүү | 43,6% |
| 8. | Жаны жолдорду тезирээк куруу | 21,7% |
| 9. | Билим берүүнү жакшыртуу | 37,5% |
| 10. | Башка себептер | 0,5% |

***Эскертүү:*** *Респонденттер бир нече суроону тандашкан.*

Айыл тургундарын негизинен жумуш менен камсыз болуу жана ишке орношуу, социалдык кызмат көрсөтүүлөр, жеке жана коомдук коопсуздук маселелери тынчсыздандырат, бул жалпысынан республикадагы жалпы тенденцияларга шайкеш келет. Ошол эле учурда айыл тургундарын бир катар социалдык маселелерди чечүүгө түздөн-түз таасирин тийгизген экономиканы жөнгө салуу маселеси да тынчсыздандырбай койбойт [4].

Мына ушул жыйынтыктардан келип чыгып, айылдардын социомаданий өзгөчөлүктөрүн жана социалдык-экономикалык, социомаданий мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен айылдарды келечекте модернизациялоонун жолдору жана формалары боюнча маселелер курч бойдон калууда. Бул маселелерди чечүүдө өлкөнүн айылдарын модернизациялоо стратегиясын ишке ашырууга түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн зарыл.

Бул суроолорго республиканын айыл аймактарынын өзгөчөлүгүн, алардын инвестициялык жагымдуулугун, айылдын адамдык потенциалынын өзгөчөлүктөрүн талдоо аркылуу жооп табууга болот. Окумуштуу кесиптештердин пикири боюнча, инвестициялык потенциалдын жалпы мазмуну бир нече өзүнчө – эмгектик, керектөөчүлүк, өндүрүштүк, финансылык, институционалдык, инфраструктуралык, инновациялык, жаратылыштык-ресурстук жана туризмдик потенциалдардан түзүлүшү мүмкүн.

Рыноктук мамилелер калктын экономикалык жүрүм-турумунун стратегияларын өзгөртүүгө алып келет. Ушуга байланыштуу айыл калкынын өздөрүнүн социалдык абалына карата мамилесин талдап чыгуу максатка ылайыктуу болот. Экономикалык статус, биз билгендей, алдын-ала белгиленген болушу мүмкүн же ага жетиши мүмкүн. Ошол эле учурда коомдо жетишилген статустар канчалык кеңири жайылса, ал ошончолук маданияттуу жана демократиялуу болот. Калктын менталитети көп учурда социалдык позициялардын алдын ала белгилендигин жана берилгендигин аныктайт. Социалдык статуска жетүү үчүн пассивдүү мамиле кеңири жайылган социалдык чөйрөдө бул чөйрөнү өзгөртүү үчүн эң аз өбөлгөлөр болот. Биз сурамжылаган айыл тургундарынын пикири боюнча, «адамга байлыкта же жакырчылыкта жашоо бешенесине жазылат» деген ойду респонденттердин 30,8% белгилешкен, бирок бул сурамжылоого катышкандардын максималдуу үлүшү эмес. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (48,2%) (менталдык жактан, иш жүзүндө эмес, жүрүм-турум жагынан) социалдык статусту өзгөртүү боюнча активдүү стратегияларды белгилөө менен, бул билдирүү чындыкка дал келбейт деп ойлошот. Ошол эле учурда сурамжылоого катышкандардын 20,9% так жооп бере алган жок. Биздин маалыматтар жалпысынан окумуштуу кесиптештердин изилдөөлөрүнүн натыйжалары менен да дал келет. Мына ошентип, С.Б. Сыргабаевдин изилдөөсүнө ылайык, респонденттердин 57,5% алардын алдында турган көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечүү өзүнөн, мүмкүнчүлүктөрүнөн жана жөндөмдүүлүгүнөн гана көз каранды деп эсептейт [5].

Көрүнүп тургандай, калктын активдүү маанайы барган сайын көбүрөөк байкалууда жана ынтызарлык түрдө рыноктук чөйрөгө киришип жатышат. Белгилей

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#




кетчү нерсе, социалдык статустун «бешенесине жазылышына» макул же макул эместиги респонденттердин жаш курагын эсепке алган эмес – жооптордун бардык курактык топтор боюнча бөлүштүрүлүшү бизге кандайдыр бир мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк бербейт. Бул рынок шартында инсандын экономикалык активдүүлүгүнүн потенциалын баалоодо адамдын жаш курагынын критерийлеринин болушун ырастоо мүмкүн эместигин көрсөтөт: социалдык-экономикалык статусту өзгөртүүгө болгон активдүү/пассивдүү мамиле жаш курагына карабастан айыл калкына мүнөздүү болот.

Көпчүлүк айыл тургундары социалдык статуска жетүүгө болот деп эсептешет: сурамжылоого катышкандардын 61,7% «эгер каалоо болсо, бардык адам байыса болот» деп ойлошот, ал эми респонденттердин 21,4% бул пикирге кошулушпайт (16,9 % анык жооп беришкен эмес) (№1-диаграмманы караңыз). Мурунку суроодогудай эле, жоопторду жыныс жана жаш боюнча бөлүштүрүүдө мыйзам ченемдүүлүктөр жок.

*1-диаграмма*

**Социалдык макамдын жазмыштуулугу же колдон келээрлиги жөнүндө айылдыктардын пикирлери, сурамжылангандарга карата, % менен**





Ошентип, чындыгында эле айыл тургундарынын басымдуу бөлүгү белгиленген социалдык статуска макул эмес, эгер адам каалаcа, социалдык статусун көтөрө алат деп эсептешет. Ошол эле учурда, когнитивдик мамилелер чындыгында жүрүм-турумдук мамилелер менен начар байланышат: биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, элеттик жарандардын көпчүлүк бөлүгү өздөрүнүн кесиптик тармагында бир нерсе жасагылары келбей эле, болгон жумушун жана социалдык мамилелерин сактап калууну каалашат. Айыл тургундарынын рыноктук жүрүм-турумга, иш менен камсыз кылуунун активдүү стратегияларына жана алардын учурдагы абалын өзгөртүү боюнча аракеттерге даяр эместигин айтууга болот.

Айылдын социомаданий портретинин маанилүү аспектиси болуп айыл тургундарынын элет жеринде жашоого болгон мотивациясын жана мамилесин, баалуулуктардын иерархиясын, каада-салттардын ролун, социалдык институттардын өнүгүүсүнүн жана айыл тургундарынын аларга болгон мамилесинин динамикасын камтыган айыл турмушунун руханий тилкеси саналат. «Айылда жашоо эмнеси менен жагат?» деген суроого респонденттердин басымдуу көпчүлүгү 49,4% айылда тууган-урук, ата-эне, эл - жер менен чогуу жашоо өз алдынча үй-жайдын, мал чарбанын болушу айылдын мүнөздүү өзгөчөлүгү айылдык жашоонун негизги өзөгүн түзөт десе, 42,1% айыл бул биздин кичи мекенибиз, бардык жашоо айылда өтөт деп эсептешет. Мындай өзгөчөлүктөр 41 жаштан 50 жашка чейинки, орто, кесиптик билими бар, дыйкан же фермердик чарбада иштеген адамдарга мүнөздүү. Айыл тургундарынын 29,4% айыл жериндеги жашоонун өзгөчөлүктөрүнүн бири катары тоонун таза абасы, салкын шамалы, тунук булак суулары, жагымдуу жакшы климаты, кооз жаратылышы, романтикасы деп айылдык жашоону артык көрүшөт. Ал эми респонденттердин 28,3% бүгүнкү күндө элет жеринде жашоо экономикалык жактан ыңгайлуу, анткени шаар жериндегидей ири чыгашаларды талап кылбайт деп эсептешет. Сурамжылоого катышкандардын 17,4% ата-бабалардын каада-салты, үрп-адаттары дал ушул айылда тээ илгертен сакталып келгендигин, андыктан айылда адамдардын мекенчилдик сезими күчтүү экендигин белгилешет.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



*2-диаграмма*




Калктын жашоо сапаты анын руханий бөлүгүн камтыйт. Азыркы айыл тургундарынын жашоо образын талдоо менен алар үчүн маданий өнүгүү приоритеттүү эмес экенин белгилей кетүү керек. Алардын жарымынан көбү чындыгында китепканаларга, театрларга, кинотеатрларга, музейлерге жана көргөзмөлөргө барышпайт. Айылдыктар үчүн мындай иш-аракет, эс алуу чыгымдарды үнөмдөөнүн бир жолу экендиги көрүнүп турат.

Айыл тургундарынын маданий жана эс алуу кызыкчылыктарынын спектри бир кыйла чектелүү экендигин изилдөө көрсөттү. Өзүн-өзү өнүктүрүү түрүндөгү (көргөзмөлөр, музейлер, театрлар) жана көңүл ачуу (кинотеатр, дискотекалар, спорттук иш-чаралар) түрүндөгү маданий эс алуу – айыл коомчулугунун турмушунун маанилүү бөлүгү эмес.

Айылдыктардын көпчүлүгү маалымат-байланыш технологиясынын азыркы түрү болгон чөнтөк (сотовый) телефонду кеңири колдонушат, бул болсо байланыштын бул түрү айыл коомдоштугунун жашоосунда бекем орношуп калганын айгинелейт. Өзүнүн күнүмдүк жашоосунда чөнтөк телефондон айылдыктардын болгону 4,8% гана пайдаланышпайт. Ошону менен бирге, компьютер жана интернет-технология маалымат-байланыш системасы азырынча анча жогору эмес бойдон калууда: айылдыктардын жарымынан азыраагы (40,0%) компьютер жана үчтөн азыраагы (28,0%) - Интернеттен пайдаланышат, бул айыл коомдоштугунун маалыматтык-техникалык өнүгүү потенциалынын жетишээрлик жогору эмес экендигин белгилөөгө мүмкүндүк берет [6].

Маалымат мейкиндигинин белгиленген өзгөчөлүктөрүн пайдалануу өсүп келе жаткан жаштардын социалдашуу жараянына, анын баалуулук артыкчылыктарынын калыптануусуна өзүнүн изин сала тургандыгы көрүнүп турат. Биздин изилдөөлөрүбүздүн натыйжасы көрсөтүп тургандай айыл жергесинде социалдашуунун негизги жолу болуп үй-бүлө турат. Жаштардын социалдашуу жараянында массалык маалымат каражаттары, интернет - баалуулуктарды жана маданий үлгүлөрдү өзгөртүү жолу катары азырынча чечкиндүү мааниге ээ эмес - жана ошондой эле азыркы шартта айыл бул социеталдык бүтүндүк катары да өз өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча ички дүң продуктунун өсүшү байкалууда - Кыргызстандын Статистикасы (stat.kg). (Эл. ресурс). Ссылка боюнча доступ: http://www.stat.kg/kg/news/po-itogam-2021-goda-otmechen-rost-valovogo-vnutrennego-produkta/ (Кайрылуу датасы: 13.11.2022)
2. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. - Бишкек. 2018. - С. 51.
3. Как изменилось количество школ, учителей и учеников в Кыргызстане. [Эл. ресурс]. / Режим доступа: https://kaktus.media/doc/397205kak_izmenilos_kolichestvo_shkolychiteleyiychenikov_v_kyrgyzstane._infografika.html (загол. с экрана)
4. Мендибаев Н. Айыл социеталдык бүтүндүк катары өзгөрүлмөлүү коомдо. / Монография. - Б., 2014. - С. 234.
5. Сыргабаев С.Б. Социально-политические ориентации молодежи в современном Кыргызском обществе. / Монография. - Б., 2009. - С. 103.
6. Мендибаев Н. Айыл социеталдык бүтүндүк катары өзгөрүлмөлүү коомдо. / Монография. - Б., 2014. - С. 318.
7. Мендибаев Н. Некоторые проявления социальной идентификации сельского населения кыргызстана. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 4. - С. 176-180.